DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Зулпукарова Д.И., Шаимбетова У., Надырбекова Г.Р.*

# БУЛУТ ТЕХНОЛОГИЯСЫ СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

*Зулпукарова Д.И., Шаимбетова У., Надырбекова Г.Р.*

# ТЕХНОЛОГИЯ «ОБЛАКО» КАК СРЕДСТВО ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ

*D.I. Zulpukarova, U. Shaimbetova, G.R. Nadyrbekova*

# TECHNOLOGY «CLOUD» AS A MEANS OF ORGANIZING INDEPENDENT WORK OF STUDENTS

*УДК:371.38*

*Макалада студенттердин аудиториядан тышкаркы иштерин уюштурууда булут технологияларынын кызматтарын колдонуунун актуалдуулугу негизделген. Булут технологияларынын мүмкүнчүлүктөрү жана жетишпеген жактары каралган. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу окутуучунун жетекчилиги астында лекция, семинар, практикалык, лабораториялык сабактар учурунда жана окуудан тышкаркы убактарда жүргүзүлөт. Өз алдынча иштерди уюштуруу формалары индивидуалдуу жана коллективдүү болушу мүмкүн. Google. Docuтents сервисинин документтер, таблицалар, презентациялар жана форма менен иштөөдөгү мүмкүнчүлүктөрү кенен ачылып көрсөтүлгөн. Бүгүнкү күндөгү окуу процессине багытталган информациялык технологиялардын дүркүрөп өнүгүүсү окуу процессин заманбап технологиялардын жардамында уюштуруу талабын коюуда. Ошондуктан студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда булуттук технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу ийги-ликтүү натыйжаларды берери анык. Студентти өз алдынча практикалык ишке тартуу окутуунун сапатын жогорулатууга, адекваттуу өздүк баанын калыптанышына, ишкер баалуулуктун күч алышына, өз эмгегинин натыйжалары үчүн жоопкерчиликтүү мамиле жасоого алып келет.*

***Негизги сөздөр:*** *булут технологиялары, аудиториядан тышкаркы иштер, өз алдынча тапшырмалар, окутуунун сапаты, компетенттүүлүк мамиле, заманбап технологиялар, өздүк баа, ишкер баалуулуктар.*

*В статье обосновывается актуальность использования облачных сервисов для организации внеаудиторной работы студентов. Рассматриваются преимущества и недостатки использования облачных технологий. Самостоятельные работы студентов организуются под руководством преподавателя во время лекций, семинарских, практических, лабораторных занятиий и внеурочное время. Формы организации самостоятельных работ могут быть индивидуальными и коллективными. Описываются возможности специализированного сервиса Google Documents для работы с документами, таблицами, презентациями и формами. На сегодняшний день в процессе обучение требуется использование новых современных информационных технологий. Таким образом, самостоятельному обучению способности студента дают успешное использование облачной технологии. С помощью облачных технологий можно решить некоторые вопросы в образовании. Например, такие как, сбор информации о родителях, собирать информации об учащихся на конференции и на конкурсах, создавать викторины, проверять знания студентов, создавать пригласительные и регистрировать учащихся на различные конференции или на конкурсы.*

***Ключевые слова:*** *облачные технологии, внеаудиторная работа, самостоятельные задания, качество преподавания, компетентностный подход, современные технологии, самооценка, деловые ценности.*

*The article substantiates the relevance of the use of cloud services for the organization of extracurricular work of students. The advantages and disadvantages of using cloud technologies are considered. Independent work of students are organized under the guidance of a teacher during lectures, seminars, practical, laboratory classes and after-hours. Forms of the organization of independent work can be individual and collective. It describes the capabilities of the specialized Google Documents service for working with documents, spreadsheets, presentations and forms. Today in the process of learning requires the use of new modern information technologies. Thus, the self-learning ability of a student is given by the successful use of cloud technologies. With the help of cloud technology, you can solve some issues in education. For example, such as collecting information about parents, collecting information about students at conferences and competitions, creating quizzes, checking students' knowledge, creating invitations and registering students at various conferences or competitions.*

***Key words:*** *cloud technologies, out-of-class work, independent tasks, quality of teaching, competence-based approach, modern technologies, self-assessment, business values.*

Бүгүнкү күндөгү информациялык технологиялардын өнүгүүсү окуу процессин заманбап технологиялардын жардамында уюштуруу талабын коюуда. Коомдун жана экономиканын терең билимге, кесиптик көндүмдөргө гана эмес, анык бир инсандык сапаттарга ээ болгон адистерге муктаждыгы, билим берүү системасындагы өзгөрүүлөр жана аппараттык жана программалык каражаттардын күнүгө жаңыланышы

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



студенттерге компетенттүүлүк мамиледе сабактарды уюштуруу зарылдыгына алып келди. Учурда окутуу студенттин билиминин деңгээлине эмес, анын бар билимине таянып, ар кандай татаалдыктагы проблемаларды чечүү жөндөмдүүлүгүнө, алынган билимдерди практикада колдоно алуу жөндөмдүүлүгүнө, анын личностук потенциалынын өнү-гүшүнө, проблемаларды өз алдынча чечүү тажрыйбасына ээ болгондугуна басым жасоо керектигин шарттап жатат [1].

Азыркы учурда студенттердин өз алдынча иштерди аткаруусун күчөтүү үчүн заманбап окутуу каражаттарынын негизги талаптарын бөлүп көрсөтүү керек, башкача айтканда электрондук окутуу кара-жаттарын колдонууда жөнөкөй, маалыматтуу; көрсөтмөлүү; предметти өздөштүрүүдө мотивацияны күчөтүүчү; толук билим алууга умтулган баардык каалоочуларга жеткиликтүү; жогорку класстагы адистерди даярдоодону камсыз кыла турган болуусу керек; жана ошондой эле заманбап телекомуникациялалык каражаттарды жана жаңы информациялык технологияларды кеңири колдонуу керек [4].

Булут технологияларын окутууда колдонуунун актуалдуулугу көптөгөн факторлорго негизделген. Учурда цифралык мейкиндиктин дүркүрөп өнүгүүсү менен коомдо кээ бир проблемаларды чечилди деп айтууга болбойт. Анткени бүгүнкү күндө ар бир адам ишинде, үйүндө компьютер, ноутбук, планшет, мобилдик телефон менен камсыз болгон деп айтсак болот. Бирок ошого карабастан ушул нерселердин арасында ар дайым файлдарды ташууда, документтерди ачууда жана редактирлөөдө, компьютердеги катуу дисктин же флеш-картанын көлөмүнүн чектелиши, программалык каражаттардын шайкештиги жана программалык каражаттарга лицензиянын болушу сыяктуу проблемалар болуп келген. Жогоруда аталган проблемаларды булут технологияларынын жардамында чечүүгө боло тургандыгына токтолобуз.

Булут технологиялары – заманбап маалыматтык технологиялардын перспективдүү өнүгүү багыттарынын бири. “Булут” технологияларынын негизги концепциясы, маалымат сервердик каражаттардын жардамында иштелип чыгат жана сакталат, ал эми берилгендердин жыйынтыгы колдонуучуларга браузер аркылуу берилет [6].

Булут технологияларын студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда колдонуу окуу процессинде жеке жана инсандык мотивдерди активдештирүүгө, заманбап окутуу методдорун эффективдүү реализациялоого мүмкүндүк берет.

Булут технологиялары – бул интернет тармагындагы берилгендерди: тексттик документтерди, таблицаларды, презентацияларды, графикалык объекттерди түзүүгө, өзгөртүүгө, сактоого жана аларды башка коллегалары, жоро-жолдоштору менен бөлүшүүгө мүмкүн болгон электрондук сактоочу жай.

Булут технологияларынын мүмкүнчүлүктөрү абдан кеңири. Эң негизгиси окутуучу менен студенттердин ишмердүүлүгүн биргеликте уюштурууга болот. Ыкчам маалыматтарды басып чыгарууда жана пайдаланууда сервистин бардык колдонуучулар үчүн жеткиликтүүлүгү, студенттердин өз алдынча иштерин аткаруу, проектерди түзүү, акыркы жыйынтыктар катары тапшырмаларды аткаруу процессин текшерүү жана ушул сыяктуу көптөгөн аракеттерди ишке ашыруусу бул технологиянын негизги өзгөчөлүгү болуп эсептелет [5].

Булут технологияларын колдонуунун маңызын төмөнкүлөрдөн көрүүгө болот:

- интернетте өзүбүздүн компьютерибизде жок программалардан колдоно алабыз;
- акысыз же акы төлөп программалардан пайдалануу өз муктаждыгыбызга жараша жүргүзүлөт;
- маалыматтарды өз ара бири-бири менен байланышкан Интернет серверлериндеги “булутта” сактоого болот. Студенттерге өз алдынча иштердин тапшырмаларын алардын компьютерлерине жөнөтүп, канчалык деңгээлде аткаргандыгын окутуучунун компьютеринен эле текшерип алууга болот.

Сабакта Google Docs сервисинен колдонуу окутуучу менен студенттерге группалык проектерди аткарууну уюштурууга, документтерди, презентацияларды, сводный таблицаларды жана диаграммаларды биргеликте даярдоого, тармакка проектик иштеринин жыйынтыктарын жарыялоого, чаттарды, форумдарды жана видеоконференцияларды уюштурууга мүмкүндүк берет (1-2- сүрөттөр).




**1-сүрөт.**

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557






**2-сүрөт.**

MS Office программалык пакетининин программаларында кандай операцияларды аткарсак, Google documents сервисинде да ошондой операцияларды аткара алабыз [6].

Өзгөчөлөнгөн айырмасы биз түзгөн документтерди бир мезгилде бир канча колдонуучуга 3-сүрөт жөнөтүү жана өз ара бири-бирине комментарийлерди берүү аркылуу документ менен бир убакта иштөө, баарлашуу, редактирлөө мүмкүнчүлүгү бар жана түзүлгөн документ сервисте автоматтык түрдө сакталат.




Сервистин дагы бир эң сонун мүмкүнчүлүктөрүнүн бири студенттер өздөрү жөнүндө (аты, жөнү, курсу, группасы, ата-энесинин дареги, жашаган жери, байланыш үчүн телефону ж.у.с.) маалыматтарды компьютер аркылуу же web whatsApp аркылуу окутуучунун компьютерине жөнөтүшөт. Бул учурда маалыматтар дароо эле компьютердин экранына жайгашат, б.а. таблица автоматтык түрдө түзүлүп маалыматтар таблицага чагылдырылат. Таблицаны ошол эле сервистен печатка чыгарып алсак болот (1-2-таблица).

Биз бул технологияны апробациялоо максатында ОшМУнун факультеттеринин 1-курстарынын арасында информатика предмети боюнча олимпиаданы Google Forms сервисинде Форманын жардамында тестирлөөнү жүргүздүк. Ар бир тест тапшырып бүткөн студент жөнүндө маалымат жана анын алган баллынын жыйынтыгы дароо интерактивдүү доскада чагылдырылып турду (1-2-таблица).

*1-таблица*



*2-таблица*



Биздин апробациябыз жакшы жыйынтык берди. Анткени студенттердин алган баллдары, алар кайсы суроолорго туура эмес жооп беришкендиги да таблицада ачык көрүнүп турат. Бардыгы ачык-айкын бурмалоого, ондоого мүмкүн эмес.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ошондой эле студенттердин өз алдынча иштеринин ар бир этабы боюнча сурамжылоо жүргүзүүдө атайын терстирлөөчү форманы - Google Forms сервисинен колдонсок болот. Формага суроолорду жана жооптордун варианттарын кийирип, ар бир туура жоопту белгилеп, жоопко канча балл бериле тургандыгын көрсөтөбүз. Ар бир студент өз аккаунту менен кирип, суроолорго жооп берип, ошол эле убакта кайсы суроолорго туура жана туура эмес жооп бергендигин, өзүнүн алган баллын формадан көрө алат [7].




**4-сүрөт.**

Эгерде окутуучу тарабынан тести бир жолу гана тапшыруу сунушталбаса, студент тестке бир канча жолу жооп берсе болот. Ушундай эле жолдор менен студенттердин өз алдынча аткарган иштерин да текшерип алсак болот жана бири – бирине текшертсек болот. Интернет жеткиликтүү болсо, логин жана пароль аркылуу Google documents приложениелери менен эффективдүү иштөөгө мүмкүнчүлүктөр абдан көп [8].

Булут технологияларынын жетишкен жактары менен бирге анын кемчиликтерин да атоого болот. Бардык эле нерсени эки тараптуу кароо керек. Биздин түзгөн проектерибиз, сактаган маалыматтарыбыз серверде сакталгандыгында. Бул өз кезегинде бардык колдонуучулар үчүн ачык жана жеткиликтүү. Мындай учурда маалыматтарды жоготуп алуу коркунучу бар. Бирок бул проблеманы чечүү үчүн маалыматты өзүбүздүн электрондук почтабызга, флешкартага же дисккe сактап алуу менен чечип алсак болот.

Жыйынтыктап айтсак, маалыматтарды сактоодо компьютердин катуу дискиндеги бош орундун болушу, компьютердин иш өндүрүмдүүлүгү сыяктуу проблемалар чечилет жана студенттердин билимдерин текшерүүдөгү убакыт үнөмдөлүп, маалымат топтоо бир заматта ишке ашат. Маалыматтардын бардыгы компьютердин катуу дискине эмес “булутка” (алыстатылган серверге) автоматтык түрдө сакталат.

Булут технологияларын окуу процессинде колдонуу студенттердин предметке болгон кызыгууларын арттырып, тапшырмаларды ар бир студентке диференцирлештирип берүүгө, өз алдынча иштерин эффективдүү уюштурууга, мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**

1. Алтыбаева М. Окутууга компетенттүүлүк мамиледе билим берүүнүн натыйжаларына мониторингдин мүмкүнчүлүктөрү // ОшМУнун жарчысы. №3. 2016. 8-11-бб.
2. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы / Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана ЖОЖдордун студенттери үчүн. - Б.: Бийиктик, 2011. - 192-б.
3. Вербицкий А.А. Активное обучение в высшей школе: контекстный подход. - М., 1991. - 207 с.
4. Зулпукарова Д.И. Математика сабагында өз алдынча иштерди уюштуруунун жолдору // КББАнын Кабарлары. № 4(36). 2015. 15-19-бб.
5. Зулпукарова Д.И. Математика сабагында компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды түзүүнүн ыкмалары // Республиканский научно-теоретический журнал «Известия вузов Кыргызстана». №5. - Бишкек, 2017. - II часть. - С. 125-127.
6. Кузьмина М.В., Пивоварова Т.С., Чупраков Н.И. Облачные технологии для дистанционного и медиаобразования. - Киров, 2013.
7. Леонов В. Google Docs, Windows Live и другие облачные технологии. - М.: Эксмо-Пресс, 2012. - 304 с.
8. Сидорова Е.В. Используем сервисы Google: электронный кабинет преподавателя. - М.: BHV, 2010. - 288 с.
9. Тагаева Д.А., Сатанбаева М. Студенттердин өз алдынча иштөө ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн айрым жолдору // ОшМУнун жарчысы. №3. 2018. 75-78-бб.

**Рецензент: к.пед.н., доцент Эмилбекова Д.**